**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** №1097/1 2020 жылдын «28» декабрь **ПРИКАЗ**

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдетүү болгон документтердин тизмесин бекитүү жөнүндө

Республиканын жалпы билим берүү мектептеринин жааматтарынын көптөгөн кайрылууларын көңүлгө алуу менен “Билим берүү жөнүндө” жана “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган педагогдордун укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу, жалпы билим берүү мектептеринин педагогдорунун кесиптик ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 22-октябрындагы №883/1 буйругу менен түзүлгөн жумушчу топтун сунуштарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №119 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө Жобого ылайык **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- республиканын жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдетүү болгон документтердин тизмеси 1-тиркемеге ылайык;

- республиканын жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдетүү болгон айрым документтердин типтүү формалары 2-тиркемеге ылайык.

2. Облустук билим берүү институттарынын, облустук усулдук борборлорунун, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, Бишкек жана Ош шаарынын билим берүү башкармалыктарынын, жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилери:

- ушул буйрукту аткарууга кабыл алышсын;

- ушул буйруктун мазмунун жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдерине маалымат катары жеткиришсин.

3. Мектеп жана мектептен тышкары билим берүү башкармалыгы (Усеналиев М.Дж.) Укуктук камсыз кылуу жана кадрдык иштер башкармалыгы (Ибрагимов Б.А.) менен биргеликте 2021-жылдын 1-майына чейин төмөнкүлөрдү иштеп чыксын жана бекитүүгө киргизсин:

- республиканын жалпы билим берүү мектептеринин окуучуларынын өздүк көктөмөсүнүн формасын;

- башталгыч класстардын жана 5-11 класстардын окуучулары үчүн класстык журналынын формасын.

4. Маалыматтык камсыздоо сектору (Маматов Р.Н.) тийешелүү бөлүкчөлөр менен биргеликте:

- окуу жылдын аягына чейин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн документтерди БББМСга (башка маалыматтык системаларга) киргизүү боюнча ишти жүргүзсүн;

- ушул буйрукту 1 жана 2 тиркемелери менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин расмий сайтына жайгаштырсын.

5. «Кут Билим» гезитинин редактору (Чекиров К.) ушул буйрукту 1 тиркемеси менен гезиттин кийинки чыгарылышында чагылдырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.С.Джусупбековага жүктөлсүн.

**Об утверждении Перечня документов, обязательных для ведения (заполнения) учителями общеобразовательных школ Кыргызской Республики**

Принимая во внимание многочисленные обращения педагогических коллективов общеобразовательных школ республики, в целях реализации прав и обязанностей педагогов, предусмотренных в законах Кыргызской Республики «Об образовании» и «О статусе учителя», создания соответствующих условий для профессиональной деятельности педагогов общеобразовательных школ, на основании предложений рабочей группы, образованной приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 22 октября 2020 года № 883/1, в соответствии с Положением о Министерстве образования и науки Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Правительства Кыргызской Республики от 20 февраля 2012 года №119, **приказываю:**

1. Утвердить:

- Перечень документов, обязательных для ведения (заполнения) учителями общеобразовательных школ республики (далее - Перечень) согласно приложению 1;

- типовые формы отдельных документов, обязательных для ведения (заполнения) учителями общеобразовательных школ республики согласно приложению 2.

2. Руководителям областных институтов образования, областных методических центров, районных/городских отделов образования, управлений образования городов Бишкек и Ош, общеобразовательных школ:

- принять к исполнению настоящий приказ;

- довести до сведения учителей общеобразовательных школ содержание настоящего приказа.

3. Управлению школьного и внешкольного образования (Усеналиев М.Дж.) совместно с Управлением правового обеспечения и кадровой работы (Ибрагимов Б.А.) в срок до 1 мая 2021 года разработать и внести на утверждение:

- форму личного дела учащихся общеобразовательных школ республики;

- форму классного журнала для учащихся начальных классов, учащихся 5-11-х классов.

4. Сектору информационного обеспечения (Маматов Р.Н.) совместно с соответствующими подразделениями:

- до конца учебного года провести работу по включению в ИСУО (другие информационные системы) документов, указанных в приложении 1.

- разместить настоящий приказ с приложениями 1 и 2 на официальном сайте Министерства образования и науки Кыргызской Республики.

5. Редактору газеты «Кут Билим» (Чекиров К.) опубликовать настоящий приказ с приложением 1 в очередном выпуске газеты.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.С. Джусупбекову.

**Министр** **А.Б. Бейшеналиев**